***DOI:10.26104/NNTIK.2023.31.19.057***

*Шерматова И.К.*

# БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН МУГАЛИМДЕРИНИН ПОРТРЕТИНЕ ШИЛТЕМЕЛЕР (жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартындагы кесиптик компетенциялар)

*Шерматова И.К.*

# НАБРОСКИ К ПОРТРЕТУ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ (профессиональные компетенции в государственном стандарте высшего профессионального образования)

*I. Shermatova*

# SKETCHES TO THE PORTRAIT OF FUTURE ELEMENTARY SCHOOL TEACHERS (Professional Competencies in the State Standard of Higher Professional Education)

*УДК: 378.14*

*Азырку учурда коомдун билим берүүгө коюлуп жаткан талаптары башталгыч класстын мугалимдерине да чакырыктарды таштап, сапаттык озгөрүүлөрдү талап кылууда. Башталгыч билим берүүнүн интенсивдүү өнүгүшү, программалардын көп түрдүүлүгү, билим берүүнүн процессуалдык жагын түп-тамырынан бери өзгөртүү мугалимдин инсандыгын, анын окуу-тарбия процессиндеги ролун жана ишмердүүлүгүн сапаттык жактан өзгөртүү маселесин алдыга койду. Болочоктогу мугалимдерди даярдоодо жогорку окуу жайлардын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартын негизиде калыптандыруучу кесиптик компетенциялар, болочок мугалимдердин үзгүлтүксүз билим алууга, жаңы билимдерди жаратууга, алган билимдерин өз ишмердүүлүгүндө ситуацияга ылайыктап, толуктап, жаңыртууга багыттоосу жана окутуучуларынын алдында студенттерди мотивациялаган окуу ишмердүүлүгүн түзүү үчүн окуу процессин башкаруу, таанып билүү процессин ийгиликтүү ишке ашыруу боюнча жолдору анализделип, башталгыч класстын мугалиминин кесипкөйлүгүнө коом тарабынан коюлган талаптарга туруштук берүүсүн камсыздоо боюнча жолдору көрсөтүлгөн. Студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандырууда, региондун мектептеринде иштеп жаткан башталгыч класстын мугалимдеринин кесиптик компетенцияларын жогорулатууга багытталган Эл аралык эки долбоордун ишмердүүлүгүнө: «Окуу керемет!» жана Ага Хан фондунун «Мектептер-2030» долбоорлорунун, максаттары жаткан долбоорлордун ишмердүүлүгүнө анализ жүргүзүлгөн.*

***Негизи сөздөр:** кесип, билим берүү, мамлекеттик стандарт, кесиптик компетенциалар, окуу ишмердүүлүгү, билим, көндүм, билгичтик.*

*В настоящее время требования общества к образованию также бросают вызов учителям начальной школы и требуют качественных изменений. Интенсивное развитие начального образования, многообразие программ, коренное изменение процессуальной стороны образования поставили вопрос о качественном изменении личности учителя, его роли и деятельности в учебно-воспитательном процессе. При подготовке будущих учителей высшими учебными заведениями анализируются профессиональные компетенции, формирующие на основе государственного стандарта высшего профессионального образования, пути успешной реализации учебного процесса, управления учебным процессом для создания учебной деятельности, мотивирующей студентов, ориентации будущих учителей на непрерывное образование, создание новых знаний, адаптацию полученных знаний к ситуации в своей деятельности, их пополнение и обновление., указаны пути обеспечения того, чтобы профессионализм учителя начальных классов соответствовал требованиям, предъявляемым обществом. Проведен анализ деятельности двух международных проектов, направленных на формирование профессиональных компетенций студентов, повышение профессиональных компетенций учителей начальных классов, работающих в школах региона: проектов «Окуу керемет!» и «Мектептер-2030» фонда Ага Хана, цели которых лежат в области формирования профессиональных компетенций студентов.*

***Ключевые слова:** профессия, образование, государственный стандарт, профессиональные компетенции, учебная деятельность, знания, навыки, умения.*

*Currently, the requirements of society to education also challenge elementary school teachers and require qualitative changes. Intensive development of primary education, a variety of programs, radical changes in the procedural side of education have raised the question of qualitative changes in the personality of the teacher, his role and activities in the educational process. In the preparation of future teachers by higher education institutions analyze professional competencies, forming on the basis of the state standard of higher professional education, ways of successful implementation of the educational process, management of the educational process to create learning activities that motivate students, orienting future teachers to continuous education, creating new knowledge, adaptation of acquired knowledge to the situation in their activities, their replenishment and updating. The analysis of two international projects, aimed at forming professional competencies of students, increasing professional competencies of elementary school teachers, working in schools of the region: projects «Okuu keremet!» and «Mektepter-2030» of Aga Khan Foundation, which aims at forming professional competencies of students, was made.*

***Key words:** profession, education, state standard, professional competencies, educational activities, knowledge, skills, abilities.*

Коомдун тез өнүгүүсү педагогикалык билим берүү менен практикага профессионалдык кадрларды даярдоого байланышкан жаңы проблемаларды жаратты. Алардын арасында, болочок мугалимдин профессионалдык компетенттүүлүгү, инсандык калыптануусундагы профессионалдык-баалуулук мамиле-

нин орду, педагогикалык ишмердүүлүктө коммуникативдүүлүктү, толеранттуулукту, жалпы маданиятты жогорулатууну камтыган маселелер бар. Өзгөчө орунду болочоктогу мугалимдин технологиялык жана методикалык жактан даярдыгы, окуу ишмердүүлүгүн башкаруу, уюштуруу боюнча илимий билимдерге ээ болуусу ээлейт. Мугалимдин технологиялык даярдыгы интеллектуалдык, активдүү окутуу, чыгармачыл инсанды өнүктүрүү, кесиптик сапаттарды алууга багытталган ой жүгүртүүнү калыптандыруу, болочок мугалимдин окуп-таануу ишмердүүлүгүн уюштурууда изилдөө принцибин колдонуу проблемалары менен байланышкан.

Коомдун билим берүүгө коюлуп жаткан талаптары башталгыч класстын мугалимдерине да чакырыктарды таштап, сапаттык озгөрүүлөрдү талап кылууда. Башталгыч билим берүүнүн интенсивдүү өнүгүшү, программалардын көп түрдүүлүгү, билим берүүнүн процессуалдык жагын түп-тамырынан бери өзгөртүү мугалимдин инсандыгын, анын окуу-тарбия процессиндеги ролун жана ишмердүүлүгүн сапаттык жактан өзгөртүү маселесин алдыга койду. Мугалимдин өзүн-өзү өзгөртүүчү инсандыгы гана баланын инсандыгына, анын өнүгүшүнө жана калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизе алары айкын болду.

Бүгүнкү күндө мектеп биринчи кезекте билимди, көндүмдөрдү, билгичтиктерди берген, маалыматтардын, даяр билимдердин «кампасы» болуш керек деген ой актуалдуу болбой калды. Жаңы Мамлекеттик билим берүү стандарттары XXI кылым окуучулардан кандай жөндөмдөрдү талап кыларын ачык көрсөтүп турат: бар болгон маалыматтын бардык спектрин баамдай билүү, өз алдынча чечим кабыл алуу жөндөмү, бул чечимдер үчүн жоопкерчиликти ала билүү жана аларды ишке ашыруунун жолдорун табуу мүмкүнчүлүгү. Мындай Адамды коомдун чакырыктарын кабыл алган заманбап мугалим гана жашоого даярдай алат.

Заманбап башталгыч класстын мугалими билим берүү процессинин таянычы болуп саналат. Алар балдарды мектепте билим алууга эле эмес, жашоого даярдашат. Заманбап башталгыч класстын мугалими:

- инструктор (окуу-тарбия иштеринин аткарылышынын жүрүшүн жана натыйжаларын иштеп чыгуу, координациялоо, баалоо боюнча мектеп окуучулары менен жекече-топтук иштерди системалуу түрдө жүргүзүүчү адам);
- насаатчы (балага даректүү жардам көрсөтүүнү билген, анын көйгөйлүү кырдаалын түшүнө билип, аны жеңүүгө жардам берген адам);
- консультант (окуу тапшырмасын талкуулоого, ар кандай маселелер боюнча кеңеш берүүгө жөндөмдүү адис);
- Фасилитатор (окуу процессинин катышуучусу, анын негизги максаты балдардын турмуштук тажрыйбага (жалпылоо, тандоо, жоопкерчиликтүү жүрүм-турум) жана турмуштук баалуулуктарга ээ болушу үчүн шарттарды түзүү) кызматын ээлейт;
- менеджер (ресурстарды педагогикалык талдоо, максаттарды иштеп чыгуу, пландоо, уюштуруу, оңдоо жана натыйжаларды талдоо жөндөмдүүлүгү сыяктуу башкаруу технологияларына ээ болгон адам).

Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык, ал даанышман педагог, психологдун союздашы, социалдык педагог болуп саналат, ал иштин командалык, биргелешкен, коллективдүү жана жуптук формаларын жакшы билет. Алар дайыма кесиптик билимин жана компетенттүүлүгүн жогорулатууга, чыгармачылык изденүүнү жүргүзүүгө тийиш. Албетте, алар жакшы коммуникациялык жөндөмгө, эрудицияга, мобилдүүлүккө ээ болуп, заманбап технологияларды жана МКТны жакшы билиши керек. Мына ушундай кесиптик компетенцияларга ээ болгон заманбап мугалимдерди кантип, эмненин негизинде даярдоо керек?

Болочоктогу мугалимдерди даярдоодо жогорку окуу жайлар 2021-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген «Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартын» жетекчиликке алып иш алып баруудабыз. «Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - ЖКББ МББС) бакалаврларды даярдоо багыты боюнча негизги билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы жана **550700 – Педагогика** багыты боюнча уюштуруучулук-усулдук документтерди иштеп чыгуу, тиешелүү багыт боюнча лицензиясы же Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар, бардык жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү мекемелеринин (мындан ары - ЖОЖдор), менчик укугунун жана ведомстволук таандыктыктын формасына карабастан жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет.»

ЖКББ НББПнын окутуу жаатындагы **550700 – Педагогика** багыты боюнча максаты болуп төмөнкүлөр эсептелинет: тандап алган ишкердиктин чөйрөсүндө ийгиликтүү иштеген, эмгек рыногунда социалдык ыкчамдыкка жана туруктуулукка түрткү берүүчү универсалдык жана адистик компетенцияларга ээ болгон, профилдүү кесиптик жогорку билимге (бакалардын деңгээлинде) эгедер, педагогикалык билим берүү алкагында профессионалдык маселелерди чече алган педагогду даярдоо. Ал эми тарбия жаатындагы максаты болуп: үзгүлтүксүз билим берүү жана өз алдынча билим алуу алкагында студенттердин максатка умтулуусун, уюшкандыктуулугун, эм-

гекке болгон сүйүүсүн, жоопкерчилигин, жарандык сапаттарын, коммуникативдүүлүгүн, толеранттыгын, жалпы маданиятынын жогорулатышын ж.б. ичине камтыган социалдык-жарандык сапаттарын өнүктүрүү болуп эсептелет. ЖКББ НББПнын максаттары тез өзгөрүлүп жаткан коомдо билим берүүгө коюлган талаптарды аткара билген, педагогду даярдоого багытталган.

«Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандарты «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык терминдерди жана аныктамаларды, ошондой эле Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык документтерди белгиленген тартипте колдонулат» - деп белгиленет документте. Педагогика багытындагы болочок мугалимди даярдоого коюлган көрсөтмөлөр төмөнкү документтерге көрсөтүлгөн, сапаттуу билимди камсыз кылуу боюнча талаптар менен үндөшүп, компетенциялар иштелип чыккан:

- Инчхон декларациясынын ЮНЕСКО (2015);
- «Билим берүү-2030» туруктуу өнүгүү жаатындагы 4-максатты жузөгө ашыруу боюнча алкактык аракеттер программасы, 31-бет: https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000245656_rus 3 ЮНЕСКО (2015): «Циндао декларациясы».

Болочок педагогдор «ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик иштин тапшырмаларына ылайык», компетенциялардын төмөндөгүдөй түрлөрүнө ээ болушу керек:

*а) универсалдык:*

*- жалпы илимий (ЖИК)-6*

*- инструменталдык (ИК)-6*

*- социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенция (СИЖМК)-5*

*б) кесиптик (КК )-18*

*в) Университет тарабынан аныкталуучу кошумча компетенциялар ( бештен ашык эмес).*

Кесиптик компетенциялар, болочок мугалимдердин үзгүлтүксүз билим алууга, жаңы билимдерди жаратууга, алган билимдерин өз ишмердүүлүгүндө ситуацияга ылайыктап, толуктап, жаңыртууга даяр болууга багыттайт:

- кесиптик маселелерди чечүү үчүн психологиялык жана педагогикалык компетенттүүлүгүн пайдаланууга даяр жана кесиптик иш-педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын колдоно алат (КК-1);
- усулдук маселелерди чечүү ыкмаларына (окутуу моделдерин, методдорун, технологияларын жана ыкмаларын) ээ жана окутуунун сапатын баалоонун технологияларын колдонууга жөндөмдүү (КК-2);
- туруктуу өнүгүү үчүн инсанга багытталган билим берүү принциптерине ылайык билим берүү процессинин оптималдуу педагогикалык шарттарын түзүүгө жөндөмдүү; (жашоонун сергек мүнөзү, жаратылышты коргоо жана жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу, энергоэффективдүүлүк, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж.б.) (КК-3);
- окугандарды социалдаштыруу ыкмаларына ээ жана окуучулардын өзүн-өзү аныктоо үчүн шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (КК-4);
- билим берүү программаларын жана өз алдынча тандай алат жана аларга дидактикалык материалдарды педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессинде көнгөндөн кийин пайдалана алат (КК-5);
- программанын темаларынын жана бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана илимий планга ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү (КК-6);
- жүргүзүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде өз өнүгүүсү боюнча тапшырмаларды жасай алат (КК-7);
- интерактивдүү формаларды жана окутуу методдорун, анын ичинде тилди колдонуу менен педагогикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга жөндөмдүү (CLIL) (КК-8);
- окуучулардын өнүгүү деңгээлин диагноздоо ар түрдүү тармактарында (умственное, социалдык, моралдык ж.б.) терс таасирлерге жол бербөө тиешелүү түрдө профилактикалык иштерди жүргүзүүгө жөндөмдүү (зордук-зомбулук, ичкилик баңги заттарды жана алкоголду ж.б.) (КК-9);
- окуу-тарбиялоо процессинин сапатын камсыз кылуу үчүн окуп жаткандардын жетишкендиктерин диагностикалоо боюнча заманбап методдорду жана технологияларды колдонууга даяр (КК -10);
- ата-энелер, кесиптештер, социалдык өнөктөштөр менен өз ара мамиле курууга даяр (КК-11);
- балдардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн жана өзгөчө билим берүү муктаждыктарын эске алуу менен алар менен өз ара аракеттенүүгө даяр (КК-12);
- ар кандай жолдор менен окуучулардын окуу жана социалдык жетишкендиктерин баалай алат (КК-13);
- окуучулар менен жемиштүү кайтарым байланыш түзө алат (КК-14);
- окуп жаткандардын реалдуу өзүнүн тажрыйбасын алышына өбөлгө түзөт, рефлекстөөнү жана анализдөөнү үйрөтөт (КК-15);
- өзүнүн келечектеги кесибинин социалдык маанилүүлүгүн түшүнөт, кесиптик ишмердүүлүгүн жүргүзүү жөндөмдүүлүгүнө ээ (КК-16);
- ар түрдүү маалымат булактарын сарамжалдуу пайдаланып (китептер, журналдар, массалык маалымат каражаттары, интернет ресурстары), билим алуучуларды теманын үстүндө өз алдынча иштөөгө үйрөтүүгө жөндөмдүү (КК-17);
- окутууда кыйынчылыктарга дуушар болгон

окуучуларды интеграциялай алат (өзгөчө билим берүү муктаждыктагы балдар) (КК-18).

Билим берүүнүн өнүгүүсүнүн заманбап тенденциялары окутуунун формалары жана ыкмалары ар түрдүү болуп, мугалимге коюлган талаптардын деңгээли жогорулап баратат деп болжолдоого негиз берет. Жакынкы келечекте мугалимдердин квалификациясынын деңгээлинде оң өзгөрүүлөрдү күтүшүбүз керек. Жаңы технологиялар адистен адекваттуу профессионалдык көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү талап кылат. ЖКББ НББПнын максаттарын иш жүзүнө ашырууда жогорку окуу жайында иштеген окутуучулар да психология жана педагогиканы терең билүүгө, ишмердүүлүктүн коммуникативдик ыкмаларына ээ болууга муктаж. Жогорку окуу жайында болочок педагогдорду сапаттуу даярдоодо, педагогикалык билим берүүнү уюштурууда окутуунун интенсивдүү технологияларын колдонуу, жаңы окуу программаларын ишке ашыруунун зарылдыгы келип чыгууда. Бул окутуучунун кесиптик чеберчилиги менен тыгыз байланышта.

Мугалимдин кесиптик чеберчилик болуп, мугалимдин адис катары өзүн реализациялоосунда окутуунун жана тарбиялоонун акыркы усулдары менен иштей билүүсү, профессионалдуу ой жүгүртө алуусу, маалымат менен иштөөдө предметтик-максаттуу жана жалпы логикалык ыкмаларды колдоно билүүсү, кесиптик маселелерди чыгармачылык менен чече алуусу, профессионалдык ишмердигин тынымсыз жогорулатууга умтулуусу эсептелинет. Эгерде окутуучунун кесиптик чеберчилиги жогору болсо, окуу-тарбиялоо процессинде болочоктогу мугалимдин чыгармачыл потенциалын, кесиптик көйгөйлөрдү чечүүдө өз алдынчалуулугун өнүктүрүп, жоопкерчиликтүү болуусун тарбиялап, педагогикалык функцияларынын жогорку кесиптик деңгээлде болуусун шарттайт.

Педагогикалык жогорку окуу жайлар коомдун жеке потенциалын калыптандыруу максатын көздөгөн кадрларды даярдайт. Мугалимдерди даярдоонун сапатына бүткүл коомдун келечеги, анын психологиясы, рухий умтулуусу, идеалдары, экономикалык жыргалчылыгы байланыштуу. Педагогикалык жогорку окуу жайлардын коом алдындагы жоопкерчилиги өтө жогору. Педагогикалык кадрларды даярдоого, билим берүүнүн мазмунуна жана технологиясына талаптар мугалимдин коомдук функцияларынын негизинде түзүлөт жана коомдук-тарыхый тажрыйба менен аныкталат. Коом тарабынан билим алууга коюлуп жаткан талаптарды студенттер кесипке ээ болуу процессинде максат катары кабыл алып, өздүк мотивине айландырса, кесиптик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу бир кыйла алгылыктуу жүрөт. Бул процесстин негизинде:

- студенттердин кызыкчылыктарынын жана умтулууларынын кесиптик багыты;
- алардын педагогикалык ишмердүүлүккө, кесиптик функцияларга мамилеси;
- жаштарды тарбиялоодо жана окутууда өз мүмкүнчүлүктөрүнүн маанилүүлүгүн сезүү калыптанат.

Педагогикалык жогорку окуу жайларында инсандын профессионалдык өз алдынчалыгын жана моралдык потенциалын өнүктүрүү, өз ишине талап коюучулукту калыптандыруу, профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүгүндө өз ишин терең түшүнүүгө, анализдөөгө багыттоо маанилүү болуп эсептелинет. Университетте студенттерде активдүү когнитивдик ишмердүүлүккө муктаждык пайда болот. Алган билимдин турмуштук максаттарга жетүү жана кесиптик өсүү пландарын ишке ашыруу үчүн баалуулугун таануунун негизинде студентте кесиптик багыт өнүгөт. ЖОЖдо студенттердин таанып-билүү иш-аракетинин активдүүлүгү, алардын мугалимдин коомдогу социалдык максаттарын, ордун түшүнүүсү менен байланышкан. Билимди өздөштүрүү процессинде студентте кесиптик когнитивдик кызыгуунун пайда болуусу окутуунун натыйжасы болуп саналат.

Болочок мугалимдердин кесиптик компетенцияларын калыптандырууда, жогорку окуу жайдын окутуучуларынын алдында студенттерди мотивациялаган окуу ишмердүүлүгүн түзүү үчүн окуу процессин кантип башкара алабыз, канткенде таанып билүү процессин ийгиликтүү кыла алабыз, канткенде эмоционалдык жактан өзүн өзү башкарууну камсыздай алабыз деген суроолорго жооп издөө токтобойт. ЖКББ НББПнын максатын иш жүзүнө ашыруу процессинде С. Нааматов атындагы НМУнун «Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары» кафедрасында иштеген профессордук – окуучулук курам педагогикалык билим берүүнүн өнүгүүсүндөгү төмөнкү прогрессивдүү тенденцияларды колдонуу менен иш алып барууга аракет кылууда:

- ийкемдүү методдорду;
- инсандык потенциалды активдештирүүнү;
- окуу ишмердүүлүгүн педагогикалык жактан жөнгө салып, башкарууну;
- окуу программаларын индивидуалдык өзгөчүлүктөргө адаптациялоону.

Заманбап жогорку эффективдүү окутуу технологиясынын бири болуп , көйгөйлүү окутуу саналат, ал студентти көйгөйлүү кырдаалдардын системасына ырааттуу аралаштырууну камтыйт. Проблемалык окутуу төмөнкү иш-аракеттерди жасоону шарттайт:

- психологиялык механизмдерди камтууну;
- оң натыйжаны өз алдынча алууга аракет кылууну;
- өз аракеттерин түшүнүүгө жана башкарууга багытталган когнитивдик мотивацияны жана өзүн-өзү жөнгө салууну өнүктүрүүнү;
- когнитивдик кыйынчылыктарды жеңүү үчүн ички муктаждыкты калыптандырууну;

• таанып билүү процессине оң көз карашты калыптандырууну.

Проблемалык кырдаалдардын педагогикалык процессте колдонулушу чыгармачыл окуу чөйрөсүн түзүп, студенттердин өзүн реализациялоосун шарттап, ал үчүн жагымдуу шарттарды түзүп, кесипкөйлүгүн жогорулатууну камсыздайт. Өнүктүрүп окутуу функциясын аткарган көйгөйлүү окутуу окуу материалын өздөштүрүүнүн активдүү ыкмаларын камтып, студенттердин илимий изилдөө көндүмдөрүн жакшыртат.

Мындай окуу процессин уюштуруу үчүн лабораториялык жана практикалык сабактарда логикалык, чыгармачыл тапшырмаларды колдонуу, атайын лекциялык түзүмдөрдү иштеп чыгуу, семинарларда эвристикалык маектерди моделдөө, көйгөйлүү суроолорду камтуу, талкууларды уюштуруу, ишкер оюндарды өткөрүү ж.б.у.с. керек. Педагогикалык ыкмалар, методдор системасы студенттердин чыгармачылык аракеттерди аткаруусун, алардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнү, мотивациялык жана эмоционалдык-эрктүү чөйрөлөрдү калыптандырууну, бүтүндөй инсанды тарбиялоону камтыйт.

Студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандырууда, биздин кафедранын окутуучулары акыркы жылдары региондун мектептеринде иштеп жаткан башталгыч класстын мугалимдеринин кесиптик компетенцияларын жогорулатууга багытталган Эл аралык эки долбоордун ишмердүүлүгүнө саресеп салды. Булар ЮСАИД фондуннун «Окуу керемет» жана Ага Хан фондунун «Мектептер-2030» долбоорлору болуп эсептелинет. Эки долбоордун тең максаттары жаткан долбоорлордун ишмердүүлүгү менен таанышып, анализ кылып чыктык.

1. «Окуу керемет» долбоору.
2. «Мектептер-2030» долбоору.

Эки долбоор тең туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү боюнча милдеттенмелерди аткарууга багытталган. Билим берүү – Туруктуу өнүгүүнүн көптөгөн максаттарына жетүү үчүн негизги элемент. ТӨМдүн 4-максаты ар тараптуу жана адилеттүү, сапаттуу билим берүүнү камсыздоо жана бардыгы үчүн окуу мүмкүнчүлүгүн түзүүгө багытталган. Долбоорлордун демилгечилери сапаттуу билим берүү менен камтууну камсыз кылуу үчүн Кыргызстандын билим берүү мейкиндигинде үзүрлүү ишмердүүлүк жүргүзүүдө.

«Мектеп 2030» долбоорунун Адамга багытталган дизайн ой жүгүртүү программасы эрте өнүгүү программаларынын сапатын жогорулатууну, мектепке чейинки даярдоону жакшыртууну жана мектептеги 10 жаш жана 15 жаш когортадагы окуучулардын сапаттуу билим алуусунун жеткиликтүүлүгүн, сапатын камсыз кылууга, PISA 2024 үчүн даярдоого, мектеп окуучуларынын арасында кесипке багыт берүү иштерин жүргүзүүгө, санариптештирүү процессин колдоого багытталган.

«Окуу Керемет!» долбоору өлкө боюнча 1687 мектепти камтып, максаттуу мектептердин башталгыч класстардын мугалимдеринин окуу, жазуу жана математика боюнча кесиптик чеберчилигин жогорулатуу программаларын иштеп чыгып ишке ашырууда. Натыйжада башталгыч класстардын окуучулары орто мектепте ийгиликтүү окуунун пайдубалы болгон окуу жана математика көндүмдөрүн жакшырта алышат.

Эки долбоордун ишмердүүлүгүн, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген «Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында» көргөзүлгөн башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин кесиптик компетенцияларын калыптандырууга бараандуу салым кошуусун шарттоо максатында окуу-тарбиялоо процессине колдонуп жатабыз. Окуу процессинде «Окуу Керемет» долбоорунун материалдарын колдонсок, студенттердин жумшак көндүмдөрүн (лидерлик сапаттарды жакшыртуу, чечим чыгара билүүнү, сынчыл ойломун өнүктүрүү, көйгөйлөрдү аныктай билүү, изилдөө жүргүзүү көндүмдөрүн) жакшыртуу максатында тарбиялоо процессинде «Мектептер-2030: Адамга багытталган дизайн ой жүгүртүү программасынын элементтерин колдонуудабыз. Проекттердин материалдары болочок мугалимдердин кесиптик ишмердүүлүгүнө коюлган төмөнкү талаптарды натыйжалуу аткарууга түрткү берет:

- Окутуунун заманбап, илимий негизделген технологиялары боюнча окуучулардын керектөөлөрүнө, жетишкендиктерине жараша билим берүү процессин пландаштыруу жана ишке ашыруу;
- Жагдайлык шартталган проблемаларды чечүү үчүн колдонмо илим-изилдөө иштерин жүзөгө ашыруу (жетекчилиги астында);
- Билим берүү программасын өз алдынча тандоо, ага дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу жана Педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессинде пайдалануу;
- Билим алуучулардын ишмердигин пландоо, мониторинг жүргүзүү жана баалоо;
- Билим алуучулардын өзүн-өзү аныктоо жана социалдашуу үчүн шарттарды түзүү, аларды кесипти аң-сезимдүү тандап алууга даярдоо;
- Программанын темаларынын жана бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштыруу;
- Маалыматтык технологияларды колдонуу менен билим берүүнүн сапатын камсыздоо үчүн билим берүү чөйрөсүнүн мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу.

Болочок мугалимдердин кесиптик компетенция-

ларын калыптандыруу процесси жогорку окуу жайында окуу менен бүтпөйт. Ошондуктан, студенттерди өмүр бою үзгүлтүксүз билим алууга шыктантабыз. КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 18-сентябрындагы №491 токтомунда Квалификациялардын улуттук алкагы (КУА) төмөнкү принциптерге негизделген**:**

1) Жаранга өмүр бою билим берүү;

2) Квалификациялар системасынын ачык-айкындуулугу жана ийкемдүүлүгү;

3) Билим берүү траекториясын жекелештирүү.

Мына ушул принциптерди жетекчиликке алып , студенттерди «Билим алууга», «Билим өздөштүрүүгө» жана «Билим жаратууга» даярдап, кесиптик компетенцияларды калыптандыруу замандын талабына ылайык, өмүр бою жүрө турган позитивдүү процесс экенин эсинен чыгарбоону өтүнөбүз. Бул нерсе, «ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн компетенциялар, башталгыч класстын мугалиминин кесипкөйлүгүнө коом тарабынан коюлган талаптарга туруштук берүүсүн камсыздайт деген ишенимди камтыйт. Ийгиликтин ачкычы, жогоруда көрсөтүлгөндөй, ар бир студенттин өз колунда. Педагогикалык адистикте окуган студент, мугалимдердин өнүгүүсүн өмүр бою үзгүлтүксүз жүрө турган процесс катары кабыл алуусу абзел.

**Адабияттар:**


1. Инчхон декларациясынын ЮНЕСКО (2015);
2. «Билим берүү-2030» туруктуу өнүгүү жаатындагы 4-максатты жузөгө ашыруу боюнча алкактык аракеттер программасы, 31-бет: https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000245656_rus
3. ЮНЕСКО (2015): «Циндао декларациясы».
4. Кыргыз Республикасыны Өкмөтүнүн 2020-жылдын 18-сентябрындагы №491 токтому. Квалификациялардын улуттук алкагы.
5. Жогорку кесиптик билим берүүнүн 550700 Педагогика багыты боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарты.